2.3.6.

**Педкеңешмеде талкууланып кабыл алынды** **" Бекитемин"**

**26.08.2022 жыл** **Мектеп мүдүрү:**

**Тентова Н.Т**

**Cоoронбай уулу Дүр атындагы орто мектеби**

**Үй тапшырманын жобосу**

**Жалпы жобонун негизги багыттары:**

1. Кириш сөз
2. Жалпы таянган нормативдик документтер
3. Үй тапшырмага мүнөздөмө
4. Үй тапшырмасынын максаттары
5. Үй тапшырмасынын принциптери
6. Үй тапшырмасынын формалары
7. Үй ташырмага коюлган талаптар
8. Санитардык гигиеналык эрежелеринин сакталышы.
9. Үй тапшырманы текшерүүнүн жолдору.
10. Үй тапшырма боюнча ата-энелерге кеңеш.
11. Кортунду.

**Кириш сөз**

Азыркы Билим берүү системасында эң биринчи орунга инсан,анын жөндөмдөрүн калыптандыруу орчундуу маселе катары каралууда. Демек,биринчи орунга окуучу жана анын жөндөмдөрү негизги орунду ээлеп жатса,аны кандай жолдор менен өнүктүрүп-өстүрө алам?-деген суроолор ар бир мугалимди ойго салат.

Окутуу бул-эки тараптуу процесс.Анда мугалим жана окуучу тыкыз байланышта иш-аракет жазашат.Мугалимдин эң негизги максаты билим алууда окуучуга эң ыңгайлуу жолдорду көрсөтүү.

Бир эле сабакта эмес,сабактан тышкаркы мезгилде,турмушунда билимин колдонууга багыт берүү.Мындай шартта,окуучунун өз алдынча изденүүсүн,жөндөмдөрүн калыптандырууда үй тапшырманын ролу чоң.Азыркы мезгилде үй тапшырма жөнүндө ар кандай пикирлер кездешүүдө.

Кээ бир мугалимдер жана ата-энелер үй тапшырма бербей деле,окутса болбойбу?- деген сөздөрдү айтууда.Практика көргөзгөндөй үй тапшырмасынын шартында гана окуучу өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн ар кандай ыкмаларын,түрлөрүн өзү тандап,натыйжалуу жана пайдалуу эске тутуунун жолдоррун байкап көрүп,үн чыгарып же ичинен окуп,ар кандай схемаларды чийип,жаттап,жазуу менен жөндөмдөрүн калыптандырып , орчуйт. Уй тапшырмасы аркылуу окуучуга оз алдынча билим алуу уйротуу мумкунчулугу тузулот . ошондуктан мектепке коюлган талаптарды жана бирдиктуу аткарууда, билим беруу

жаатындагы мыкты тажрыйбаларды сунуш-пикирлерди эске алуу менен уй тапшырма жонундо жабо иштелип чыкты.

Жалпы таянган нормативдик докуметтер

1.1 Уй тапшырма жонундогу жобо жалпы билим программасын оздоштуруудо тапшырманын берилишиндеги колому жана тиби милдеттери боюнча анын талаптарынын аткарылышын белгилейт.

1.2 Жобо Кыргыз республикасынын Билим беруу жонундогу “закондун” Окуучулардын ден –соолугунун жана коопсуздугун сактоо боюнча ( уй тапшырмаларынын колому жана нормалары жонундо ) талабы мектеп тарабынан уставына ылайык иштелип чыккан.

1.3 Уйтапшырмасы алынган билимдин сапатын жана эффективдуулугун жогорулатуучу сабактын курамындагы бир болук. Окуучулар сабактагы алган билимдерине таянып , уйтапшырманы оз алдынча аткарууда гана билим алуунун жана тарбиялануунун максаттарына жетет .

Мугалимдер дене тарбия , музыка , сурөт , технология (эмгекке уйрөтүү), информатика жана адеп сабактарын гана үй тапшырмасы эле бардык мумкунчулукторун окуу процессинде берүүгө жетишет.

Мугалимдер үй тапшырмасынын көлөмүн туура берүүдө окуучунун ден соолугун кандайдыр бир деңгээлде сактайт.

Үй тапшырмага мүнөздөмө:

Үй тапшырма деген эмне?

Үй тапшырма-окуучунун жекече мугалимдин жардамысыз өз алдынча иштөөсү.

Үй тапшырманын максаттары:

- Өтүлгөн материалдарды системалаштыруу
- Окуучулардын ойлоосун өстүрүү
- Окуучулардын акыл эмгегинин маданиятын өстүрүү
- Жетишпеген окуучуларды жетиштирүү
- Билимди кеңейтип жана терендетүү
- Окуучулардын изденүүсүн калыптандыруу

Үй тапшырманын принциптери

- Жеткиликтүү
- Ар түрдүү вариантуулук
- Жекече иш алып баруу
- Ченеми менен
- Окуу материалдары менен байланыштуу

Материалдардын мазмунуна жараша үй тапшырмалардын формалары:

- Машыктыруучу тапшырма
- Анализ же синтезге багытталган тапшырма
- Чыгармачыл жана изденүүчүлүк тапшырма
- Интеграцияланган формадагы тапшырма
- Жекече формадагы тапшырма

Үй тапшырмага коюлган негизги талаптар:

- Үй тапшырма ар бир окуучуга түшүнүктүү болуш керек б.а.бардык окуучу эмне кылуу керек жана кантип аткаруу керектигин так түшүнүү керек ( тапшырманын түшүнүктүүлүгү)
- Тапшырма өз алдынча иштөөдө кантип аткаруу керек деген суроону берүү мүнөздө болуусу керек.
- Тапшырма жөнөкөй берилсе же проблемалуурак мүнөздө болуп ага карата көрсөтмө берилсе,анда максатка жетпейт.
- Тапшырманын мазмуну бир же бир нече мурун өтүлгөн сабактардын материалдарынын байланышы сакталышы керек,алар өтүлгөндөрдү кайталоого карата кошумча же негизги тапшырма катары берилет.
- Үйгө тапшырманы сабактын каалаган учурунда берүүгө болот,бирок конгуроодон кийин тапшырма берүүгө таптакыр тыюу салынат.
- Окуучуну толук өз алдынча иштөө шартын,тапшырманы аткаруу сапатын,жоопкерчилик сезимин жогорулатуу керек.
- Ар кандай сабактарды здштрүүдө окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жараша ар кандай тапшырма берилиши зарыл.
- 1-2-класстарга дүйшөмбү күнгө,майрам күнгө тапшырма берүүгө болбойт.
- Аткарылышы көп эмгектенүүнү талап кылуучу эффектүүлүгү аз болгон тапшырмалардан качуу керек.
- Үй тапшырма берүүдө окуучулардын курактык-физологиялык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу абзел.
- Үй тапшырманын көлөмү класстык иштин үчтөн бир бөлүгүнөн ашпоо керек.
- Окуучуларга үй тапшырма берип жатканда күндөлүктөрүнө жаздырып,тапшырманын маанисин,максатын жана мазмунун түшүндүрүү керек.
- Бир класста ар кайсы предметтер боюнча берилүүчү үй тапшырмаларды мугалимдер арасында координациялоо керек.
- Үй тапшырма берүүдө окуучулардын курактык,таанымдык тажрыйбаларын кылдат эске алуу, тапшырмалардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнөн ашып түшпөсү шарт,көпчүлүк окуучулар тапшырманы жалкоолугунан эмес, ага тиешелүү теориялык материалдарды жеткилең билбегендиктен аткарышпайт.

Үй тапшырма берүүдө мугалим төмөндөгүлөрдү эске алуусу зарыл.

- Жаңы материлдарды өздөштүрүүгө карата берилген көнүгүүлөрдү иштетүүгө жетишпей,үй тапшырма катары берүүгө жол берилбейт.Мындай коомдогу тапшырмалар түшүнбөстүккө алып келет.
- Тапшырмалар типтүү болушу зарыл.Тапшырмаларда стандарттуу эмес суроолорго да кездешип,алдын алуу ойлонуусу(логикасы) байкоо жүргүзүү үчүн шарт болуусу зарыл.

- Тапшырма окуучулардын ө алдынча изденүүсү мурда алган билими менен жөндөмүн жаңы шартта колдоно билүүсү жөндүү.

- Тапшырма көпчүлүк аткара ала тургандай,ошондой эле учурда кыйын окуучулар үчүн өтө жөнөкөй болушу керек.

- Начар даярдалган сабактын үй тапшырма менен аяктоосуна жол бербөө керек. Сабакта жаңы материалдарды жана ага карата көнүгүүлөрдү бүтпөстөн үй тапшырма бере салуу окуучулардын сабакты түшүнбөй калуусуна жана оздөштүрүүсүнүн такай артта калуусуна такай шарт түзөт.

- Үй тапшырма сабакта конгуроого чейин түшүндүрүүлү менен бериле тургандыгын жана ал окуучуга жеткиликтүү болуусун эске алуу керек.Ошону менен бирге мугалим окуучулардын берилген үй тапшырмасын түшүнүп,үйдөн аны кандай аткаруу керектигин билишпегендиктерине ишеним болуш керек.

- Ашыкча эле үй тапшырма менен алектенүү окуучунун убактысын текке кетирип,жөн гана көп убакытты талап кылып механикалык тапшырмаларды аткаруу менен он натыйжа бербеген тапшырмалардан арылууну да эске алуу керек.

- Мугалим тапшырманы окуучуларга оорчулук келтирбестен нормага ылайыктуу бериши керек.

- 2-класстын окуучулары үчүн үй тапшырманы аткаруучу убакыт 1 саат 30 минутадан ашпоо керек.

- 3-4-класстын окуучулары үчүн үй тапшырманы аткаруучу убакыт 2 сааттан ашпоо керек.

- Ар бир предмет боюнча берилген үй тапшырма көлөмү окуучунун үй тапшырмаларды аткарууга кетирген жалпы убакытынын 4\1\ бөлүгүн түзүш керек.

- Предметтик мугалимдер арасында окуучулардын үй тапшырмаларынын көлөмдөрүн нормага ылайыкташтыруу боюнча иш чараларды көрүү.

- Үй тапшырмалар боюнча иш алып баруудагы мугалимдер арасындагы алдыңкы иш тажрыйбаларды жайылтуу менен аларды кеңири колдонуу.

- Окуучулардын үй тапшырмаларды аткаруусуна тиешелүү шарттардын түзулүшү боюнча ата энелер менен иш алып баруу.Механикалык түрдө иштелүүчү,өтө көп убакытты талап кылуучу бирок эч жыйынтыгы жок тапшырмалар мугалим окуучуларынын билгичтерин эске албаган учур болот.

Сан пин эрежелердин сакталышы:

- 1-класста тапшырма 1жарым жылдыкка чейин берилбейт жана билимин баалоодо баа коюлбайт,тапшырмалар 2-жарым жылдыктан баштап берилиши мүмкүн.
- Башталгыч класста каникул жана эс алуучу күндөргө үйгө тапшырма берилбейт.
- Тапшырма аткаруу 2-3 класста 1,5 саат,4-класста 2саат,5-6-класста-2,5 саат,жогорку класста 3 саатка чейин ошону менен бирге балдардын жекече психофизологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алынат.

Ашыкча жүктөм: Алдынан көп тапшырма
Алдынан татаал тапшырма

Берилген тапшырманын бул түрүн аткарууга калыптана элек жөндөмдүүлүктөрүн эске албагандыктары:

-Окуучунун тапшырманы туура аткарууга жөндөмсүздүгү

Негизги ашыкча жүктөм башка предметтеги тапшырманын алынбай берилишинин негизинде болот.
Мына ушундай учурларда убакыттын көбү,бир предметтен берилген тапшырмага кеткен учурда кездешет.Ар бир сабактын тапшырмасын аткарууга берилген убакыт төмөнкүдөй өлчөмдө болсун.

1-класска 1-жарым жылдыкта (15 мин чейин),2-жарым жылдыкта 1 саатка чейин узартылышы.
2-класста 20 минут,2-3-класстарда 30 минута талап кылынат.(эскертүү 20 мин кийин 5-10 мин эс алууга көзгө,денеге көнүгүү жасоо 3-4-кл 2-3 мин эс алуу).
Үй тапшырма көлөмү класста аткарган тапшырмалардын 30% аткарылбашы керек,өтө оор тапшырма деп (*берилген тапшырма үйгө берилбейт).

| № | Окуу предмети | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Математика | Маселе же эки мамыча мисал | Маселе же ,3 мамыча мисал 16 дан ашпасын | Маселе жана 2 туюнтма же 4 мамыча,мисал |
| 2 | Кыргыз тили Русский язык | Кошумча бир граматикалык тапшырма ашпаган | Кошумча бир граматикалык тапшырма | Кошумча 1 граматикалык тапшырма |
| | | 15-17 сөздөн турган көнүгүү | Ашпаган 25-28 сөздөн турган көнүгүү | Ашпаган 35-37 сөздөн турган көнүгүү |
| 3 | Адабий окуу Мекен таануу | 1-1,5 бет | 2—2,5 бет | 3-3,5 беттен ашык эмес |

Үй тапшырма текшерүүнүн жолдору:

- Көнүгүүнүн аткарылышы франталдык текшерүү
- Жазуу иштерин тандоо менен текшерүү
- Тапшырмалар боюнча өз ара текшерүү
- Тапшырмалар боюнча фронталдык текшерүү
- Карточка берүү менен текшерүү
- Дая ачкыч берүү менен окуучулар өзүнүн ишин текшерүү
- Кучтүү окуучулардын жардамы менен сабак башталганга чейин текшерүү

Мугалим тапшырманы текшерүүдө окуучуларды тырышчаактыкка, Жоопкерчилдикке жана тыкандыкка тарбиялайт.

Үй тапшырма боюнча ата-энелерге берилүүчү кеңеш:

- Үй тапшырманы берилген күнү аткарууга эң ыңгайлуу жолу болуп эсептелет.
- Сабакта өтө турган материалдарды алдын ала окуп келүү.Сабак учурунда толук кандуу өздөштүрүүсүнө жардам болот.
- Үй тапшырманы сапаттуу аткарылышына төмөнкүлөр таасир этиши эске алынышы керек.

Туура түзүлгөн иштөө режими ишти аткарып жаткан орду жана сабактардын аткарылышынын оордон жеңилине карай иреттүүлүгү өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгү ишке киришүүсү керек.

Кортунду:

Үй тапшырма окуучуга тийгизген таасирин төмөнкүдөй формула түрүндө карасак болот.

И.И.И-Ишеним -Изденүү -Ийгилик